# ИШЕМБИЛИК



Автор: Алёна Молчанова

Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# ИШЕМБИЛИК

Автор: Алёна Молчанова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ишембилик" (кыргыз тилинде),автор Алёна Молчанова, сүрөтчү Бермет Кудайбергенова, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Генеральная уборка*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Анара Ысык-Көлдүн Балыкчы шаарында жашайт. Ал башка жерге караганда, убактысын көл жээгинде өткөрүүнү жактырат. Кыз кайкып учкан ак чардактардын учканын карап отурат. Жээкте кум сепилдерин куруп, аны ар кандай түстөгү айнектердин сыныктары менен кооздойт. Кызга бир гана жээкте жаткан бош желим бөтөлкөлөр, баштыктар ойногонго тоскоол болот.

Бакыт ата менен сүйлөшүп отурганды жактырат. Ал жаш кезинде кыйын балыкчы болгонун Анарага далай жолу айтып берген.




Бул жолу да Анара Бакыт атасыныкына барды. Ал эски түзсүз сүрөттөрдү карап отуруптур.

– Бакыт ата, сүрөттөгү кайсы жээк? Аябай эле таза жана кооз экен! – деп Анара таң калып сурады.

– Сүрөттө мен жети жашта элем. Ушул эле биздин кум жээкте түшкөм, – деди Бакыт ата.

Бала кезинде, көл жээктеп жүрө берүүнү жактырганын айтты. Кумда жылаңайлак чуркаганын эстеди. Ошондо айнектин сыныктары же башка бир таштандылар буттарын тилип кетет деп коркпогонун айтып берди.

– Бул жээк абдан таза болчу. Биз эч качан таштанды таштачу эмеспиз. Сен ошол таза жээкти көрбөй калганыңа аябай өкүнөм, – деп Бакыт ата өз сөзүн бүтүрдү.




Эртеси Анара мектепке барып, Бакыт ата көргөзгөн сүрөттөр жөнүндө классташтарына айтып берди. Ал кезде биздин жээк абдан таза жана кооз экен.

– Биз жээкти тазалап, мурункудай калыбына келтиришибиз керек. Ошон үчүн жалпы ишембилик өткөрөлү. Мен план да түзүп койдум! – деди Анара.

Классташтары Анаранын оюна кошулушту. Анара бир чоң барак кагаз алып, жээктин планын тартты. Бардык аймакты төрткө бөлүштү. Классташтары төрт команда түзүштү.

– Ар бир команда – жээктин төрттөн бир бөлүгүн таштандылардан тазалай турган болушту. Дароо эле таштандыларды сорттоп, бөлүштүрүп коелу деп чечишти.

– Эмне үчүн таштандыларды сорттогон жатабыз? Баарын бир жерге эле төгөт да? – Анаранын досу Андрей жактырбагандай сүйлөндү.

– Таштанды төккөн жерге баарын алып кетпеши үчүн сорттогону жатабыз да, – деди Анара. – Таштандылар – чийки зат, аларды кайра иштетип бир нерсе жасоого болот. Бөтөлкө, картон, айнек адамдарга кайра эле кызмат кылышы мүмкүн. Жүз жылдап жерде жата берип, айлана-чөйрөнү булгай бербей, пайдасы тийгени жакшы да.




Ишембиде балдар жээкке чогулушту. Балдардын демилгеси жагып, ата-энелер да кошо келишти. Алар таштанды салуучу баштыктар, мээлей, тырмоо алып ишембиликти башташты.

Кум жээкте бир нече саат иштеген соң, бир да таштанды калган жок.

“ТАШТАНДЫ ТАШТООГО ТЫЮУ САЛЫНАТ!” – деп жазылган тактайчаны орнотушту.

Данияр байке таштанды ташуучу машинасы менен келип калды. Балдар байкени да жардамга чакырып коюшкан эле. Данияр байке баштыктагы таштандыларды таразага тартты. Балдар 120 килограмм таштанды жыйнашыптыр.

– 20 кг айнек, 10 кг кагаз, баары 30 кг, – деди Данияр байке.

– 30 кг 120 килограммдын – төрттөн бирин түзөт, – деп Анара эсептей калды.

– Калганы – 90 кг. Бул болсо жалпы таштандынын төрттөн үч бөлүгү. Алар – желим бөтөлкөлөр, баштыктар, – деди Андрей.




– Таштандыларды сорттоп койгонуңар абдан жакшы болуптур. Баарын таштандыга эмес, бөлүп койгондорду кайра иштетүүгө жиберебиз. Ал жерден таштандылардан пайдалуу буюмдарды чыгарса болот, – деди Данияр байке.

– Ого, бизде атайын заводдор барбы? – деп  Анара таң кала сурады.

– Тилекке каршы, Кыргызстанда таштандыларды кайра иштетүүчү ишканалар жок. Сорттолгон таштандыларды кабыл ала турган атайын жайлар ар бир шаарда бар. Ошол жайларда желим бөтөлкө, айнек жана металлоломду өз-өзүнчө кабыл алат. Мисалы, кагаз менен картонду макулатурага тапшырса болот. Андан даарат кагаз жасап чыгарат, – деп жооп берди Данияр байке.

Жекшемби күнү классташтар кайрадан көл жээгине барып, Бакыт атаны чыдамсыздык менен күтүштү.

– Сюрприз! – деп кыйкырышып балдар атаны тосуп алышты.

– Бул жер кандай таза болуп калган! Бир кездеги таза жээкти кайрадан көрөм деп ойлогон эмес элем! – Бакыт  ата кубанганын жашырган жок.

– Эми биз жээктин таза болушуна ар дайым камкордук көрөбүз! – деп балдар бирооздон убада беришти.

Бат-баттан ишембилик да жасап турабыз, – деди Анара сыймыктана таза жээкти карап.

Эс алуучулар таштандыларды туш келди ыргыта бербесин деп, окуучулар атайын плакаттарды тартып, жээкке орноштуруп чыгышты.

Силер да балдарга жаратылышты коргоого чакырган плакаттарды ойлоп табууга жардам бергиле.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Алёна Молчанова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов



USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли